УДК: 82(575.2):37 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.557**

ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ ГЛОБАЛДЫК ГУМАНИЗМ ИДЕЯЛАРЫНЫН ОКУУЧУЛАР ТАРБИЯСЫНДАГЫ ПЕДАГОГИКАЛЫК МААНИСИ

Тойчубаева Айсулуу Маматбековна - Андижан мамлекеттик педагогика Институту Өзбекстан Республикасы улук окутуучу

ПЕДАГОГИЧЕСКОЕ ЗНАЧЕНИЕ ИДЕЙ ГЛОБАЛЬНОГО ГУМАНИЗМА В ВОСПИТАНИИ УЧАЩИХСЯ В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА

Тойчубаева Айсулуу Маматбековна - старший преподаватель, Андижанский государственный педагогический институт, Республика Узбекистан

THE PEDAGOGICAL SIGNIFICANCE OF THE IDEAS OF GLOBAL HUMANISM IN THE EDUCATION OF STUDENTS IN THE WORKS OF CHINGIZ AITMATOV.

Aysuluu Mamatbekovna Toychubaeva - Senior Lecturer Andijan State Pedagogical Institute Republic of Uzbekistan,

Аннотация

Бул макалада Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы глобалдык гуманизм идеялары жана алардын окуучулардын адамгерчилик тарбиясындагы педагогикалык мааниси каралат. Ошондой эле жазуучунун чыгармаларында өзүнө гана тиешелүү болгон он эки кереметинин бири болгон адеп-ахлак темасы же жан дүйнө экологиясын анын чыгармалары негизинде ачып көрсөтүп берилет. Ч.Айтматовдун «Ак кеме», “Эрте келген турналар”, «Балалыгым», чыгармаларында адамдын руханий дүйнөсү, адеп-ахлактык баалуулуктар, табият менен адамдын өз ара байланышы жана маданияттар аралык түшүнүү маселелери кеңири чагылдырылган. Бул чыгармалар аркылуу адамдын ички дүйнөсү, боорукерлик, адилеттүүлүк, жоопкерчилик жана табиятка аяр мамиле сыяктуу жалпы адамзаттык баалуулуктар терең сүрөттөлөт. Макалада Айтматовдун чыгармаларынын тарбиялык мүмкүнчүлүктөрү педагогикалык көз караштан талданып, алардын окуучулардын руханий дүйнөсүн байытуудагы ролу белгиленет. Ошондой эле бул чыгармаларды башталгыч класстарда билим берүү жараянында колдонуу окуучулардын ой жүгүртүүсүн, дүйнө таанымын кеңейтүүгө жана гуманисттик көз караштарын калыптандырууга, өз оюн эркин баяндоого, ар бир берилген тапшырмага критикалык жана креативдүүлүк менен жандашууга, топтор менен чогуу иштөөдө жардам берери көрсөтүлөт. Натыйжада Айтматовдун чыгармалары окуучулардын ар тараптан калыптанышына, адамгерчиликке, боорукерликке, адеп-ахлак тарбиялары менен тарбиялоодо маанилүү педагогикалык ресурс болуп саналат.

Ачкыч сөздөр: *глобалдашуу, гуанизм, идея, педагогикалык маани, адеп-ахлак, универсалдуу баалуулуктар, дүйнө экологиясы, руханий дүйнө, критикалык, креативдүүлүк, педагогикалык ресурс.*

Аннотация

В данной статье рассматриваются идеи глобального гуманизма в произведениях Чынгыз Айтматов и их педагогическое значение в нравственном воспитании учащихся. Также раскрывается одна из ключевых тем его творчества — нравственность, или «экология души», как одна из уникальных особенностей художественного мира писателя. В произведениях Ч. Айтматова «Белый пароход», «Ранние журавли», «Моё детство» широко отражены духовный мир человека, нравственные ценности, взаимосвязь человека и природы, а также проблемы межкультурного понимания. Через эти произведения глубоко раскрываются такие общечеловеческие ценности, как внутренний мир человека, доброта, справедливость, ответственность и бережное отношение к природе.

В статье с педагогической точки зрения анализируются воспитательные возможности произведений Айтматова и отмечается их роль в обогащении духовного мира учащихся. Также показано, что использование этих произведений в образовательном

процессе начальных классов способствует развитию мышления учащихся, расширению их мировоззрения, формированию гуманистических взглядов, умению свободно выражать свои мысли, а также развитию критического и креативного подхода к выполнению заданий и работе в группе.

В результате произведения Айтматова являются важным педагогическим ресурсом в формировании всесторонне развитой личности учащихся, воспитании гуманности, доброты и нравственных качеств.

Ключевые слова: *глобализация, гуманизм, идея, педагогическое значение, нравственность, универсальные ценности, экология мира, духовный мир, критическое мышление, креативность, педагогический ресурс.*

Abstract

This article examines the ideas of global humanism in the works of Чынгыз Айтматов and their pedagogical significance in the moral education of students. It also explores one of the key themes of his творчество—morality, or the “ecology of the soul,” as a unique feature of the writer’s artistic world. In Aitmatov’s works such as The White Ship, Early Cranes, *and* My Childhood, *the spiritual world of a person, moral values, the relationship between humans and nature, and issues of intercultural understanding are widely depicted. Through these works, universal human values such as compassion, justice, responsibility, and a respectful attitude toward nature are profoundly illustrated.*

The article analyzes the educational potential of Aitmatov’s works from a pedagogical perspective and highlights their role in enriching the spiritual world of students. It also demonstrates that the use of these works in primary school education contributes to the development of students’ thinking, broadens their worldview, fosters humanistic attitudes, encourages free expression of ideas, and promotes critical and creative approaches to tasks as well as collaborative work.

As a result, Aitmatov’s works serve as an important pedagogical resource in the comprehensive development of students, fostering humanity, kindness, and moral values.

Keywords: *globalization, humanism, idea, pedagogical significance, morality, universal values, world ecology, spiritual world, critical thinking, creativity, pedagogical resource.*

Киришүү

Азыркы глобалдашуу доорунда жаш муундун руханий-адептик тарбиясы билим берүү системасынын эң маанилүү милдеттеринин бири болуп саналат. Окуучуларды адамгерчиликке, боорукерликке, жоопкерчиликке жана табиятка аяр мамиле жасоого тарбиялоо коомдун туруктуу өнүгүшүнө негиз түзөт. Бул багытта көркөм адабияттын, айрыкча кыргыз элинин улуу жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын тарбиялык мүмкүнчүлүгү абдан чоң.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары дүйнөлүк адабияттын казынасына кирген көркөм мурастардын бири болуп саналат. Анын чыгармаларында адамзатка тиешелүү универсалдуу баалуулуктар – гуманизм, адилеттүүлүк, боорукерлик, адам менен табияттын гармониясы сыяктуу идеялар кеңири чагылдырылган. Жазуучунун чыгармалары адамдын жан дүйнөсүнүн тазалыгын сактоо, моралдык жоопкерчилик жана руханий маданият маселелерин терең философиялык деңгээлде көтөрөт.

Бул макаланын максаты – Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы глобалдык гуманизм идеяларын талдоо жана алардын окуучулардын адамгерчилик тарбиясындагы педагогикалык маанисин аныктоо.

Чыңгыз Айтматовдун көркөм дүйнөсүндө гуманизм темасы негизги орунду ээлейт. Анын чыгармаларында адамдын ички дүйнөсү, моралдык тандоосу, адамдын адамга болгон мамилеси жана табият менен байланыш маселелери кеңири сүрөттөлөт. Жазуучунун чыгармаларында окуучуларды тарбиялоого каратылган педагогикалык көз караштар абдан кеңири баяндалган.

Мисалы, **«Ак кеме»** повестинде баланын таза дүйнөсү, анын жомокко болгон ишеними жана адилетсиз коомдун шартында жаралган трагедиялуу тагдыры сүрөттөлөт. Бул чыгарма

аркылуу жазуучу адам баласынын ички дүйнөсүнүн тазалыгын сактоонун маанилүүлүгүн көрсөтөт. Баланын дүйнөсү аркылуу коомдогу руханий кризис жана адамдардын моралдык жоопкерчилиги тууралуу терең ойлор берилет. Ошону менен бирге эле баланын кичинекей жүрөгүндө ата энеге болгон чекчиз кусалык, сагыныч, күтүү, үмүт жатат. Азыркы учурда деле баланын тагдырына окшогон ата-энесинин мээримине зар болгон, балалык доорун күтүү менен, сагынуу менен, үмүт менен өткөрүп жаткан балдар канча. Демек жазуучу баланын образы аркылуу келечекти да көрсөтө кеткендей.

Ал эми **«Эрте келген турналар»** чыгармасында согуш мезгилиндеги балдардын тагдыры, алардын эмгекчилдиги, чыдамкайлыгы жана жоопкерчилиги сүрөттөлөт. Бул чыгарма жаш муунду патриотизмге, эмгекке болгон урматка жана адамдык сапаттарды баалоого үндөйт. Чыгармадагы дагы бир өзгөчөлүк Султанмураттын жаш экенине карабай чыныгы мекенге берилгендик, өз ишине жоопкерчилик менен карашы, душмандарга аттарды жөн гана берип койбостук үчүн чыныгы патриоттуулук менен күрөшүшү болуп эсептелет. Бул чыгарманы окуучуларга түшүндүрүп жатканда мугалим аларды Султанмураттай тайманбас болууга, ишенип аткарган ишти жоопкерчилик менен аткарууга, мекендин ыйыктыгын сезе билүүгө тарбиялоо менен алардын жүрөгүнө өзгөчө бир мекен туйгусунун үрөөнүн сээп кетиши керек. Дагы бир айта кетүүчү нерсе жазуучунун бул чыгармасынан 4-класстардын окуу китебинде үзүндү берилген. Анда балдардын талаада жер айдап жүргөн учурда турналардын катар тарта тизилип учуп өтүшү. Балтыр эти толо элек балдар баары кыйкырышып, алардын артынан көздөй чуркашып, калпактарын булгалап жөнөшөт. Ошондой эле турналардын эрте келишин жакшылыктын жышааны экенин айтышып кубанышат. Бул жерде элибиздин «турналардын эрте келиши – жакшы жышаан» деген сөзү табият менен адам турмушунун тыгыз байланышта экенин көрсөтөт. Бул сөз жөн гана байкоо эмес, терең мааниге ээ элдик түшүнүк. Бул сөздүн айтылыш максаты: Жаздын эрте келишин билдирүү. Турналар жылуу жактан учуп келген көчмөн куштар. Эгер алар эрте келсе, бул кыш узакка созулбай, жаз эрте келет деген белги катары кабыл алынган. Ата-бабаларыбыз табиятка карап жоромол кылышкан. Турналар эрте келсе, жер жакшы жылыйт, түшүм мол болот, ошондой эле алынган түшүм да берекелүү болуп, кийинки жазга чейин жетет, мал-жан аман болот деп ишенишкен.

Турна – эл ичинде ыйык, кооз куш катары бааланат. Анын келиши жаңы башталыш, жакшы кабар, кубаныч менен байланыштырылган. Элибиз табиятты байкоо аркылуу жашоону жөнгө сала билген эл болуп эсептелет. Табият менен адамдын ортосундагы мындай сөздөр элдин көп жылдык тажрыйбасынан чыккан. Адамдар куштардын жүрүшүнө карап жумуштарын (айдоо, көчүү, мал кароо) пландашкан. Ошондой эле эгин эгүүдө, жайлоого көчөөрдө, кандайдыр бир ишти баштардан алдын алар табиятта эмнелер болорун күнгө, жаныбарларга, (мисалы, мышыктын укташына карап) канаттууларга карап божомолжошкон жана ошол божомолдоо негизинде иш алып барышкан.

Окуучуларга бул теманы түшүндүрүп жатканда сөз-сүз түрдө аларга ата-бабаларыбыздын акылмандуулугун, сезимталдыгын, байкоону азыркы учурдагы техникалардан да так аныктаганын, биз улуу, касиеттүү элдин тукуму экенибизди түшүндүрүп кетишибиз зарыл.

«Балалыгым» чыгармасында да балалык дүйнөнүн тазалыгы, адилеттүүлүккө болгон умтулуу жана адамдардын бири-бирине болгон боорукер мамилеси көрсөтүлөт. Бул чыгармалар окурмандын жан дүйнөсүнө таасир этүү менен адамгерчилик баалуулуктарды бекемдөөгө жардам берет.

«Балалыгым» чыгармасы башталгыч класстарда 3-класстын Эне тили жана окуу сабаттуулугу окуу китебинде берилген. Бул чыгарманын дагы бир өзгөчөлүгү окуучулардын тил билүүгө болгон кызыгуусун арттырат, ошондой эле аларды өзүнүн жактырган кесип ээси болууга түрткү берет. Кичинекей баланын ошончо адамдардын ичинен жалгыз өзү гана орус тилди жакшы билгендиги үчүн жылкычыларды бир жооптуу иштен куткарып калат. Мында жазуучу тилди билүү бул жалаң эле чондор үчүн эмес, жаш курактын танбастыгы, кичине кезден тил үйрөнүү жакшы жетишкендикке алып келүүсүн баса белгилеген. Азыркы заман талап кылып жаткандай канчалык көп тил билсе, ошончолук билимге ээ болушу, дүйнө

жүзүндөгү өнүккүн мамлекеттерден билим алууга мүмкүнчүлүк жаратылышы, каалаган мамлекетине саякатка барышы, бул жаштар үчүн эң чоң жетишкендик экенин көрсөтүп кеткен.

Чыгармадагы окуучулар үчүн дагы бир өзгөчөлүк тема менен таанышткандан кийин аларды эркин пикирлөө үчүн башкача айтканда 4К моделинен кеңири колдонууга мүмкүнчүлүк берет. Мында мугалимдин педагогикалык чеберчилиги негизги ролду ойнойт. Окуучуларга суроо бергенде “ооба” же “жок” деп гана жооп бере турган эмес, алар ой жүгүртө турган, пикир билдире алган, чыгармачылык менен жооп берүүгө, керек болсо сынчыл жооп берүүгө аракет кыла турган суроолор болушу керек.

Мисалы, эмне үчүн чоң энеси баланы көпчүлүктүн алдына жетелеп келди? Баланын жардамы жылкычыларды эмнеден куткарып калды? Чоң эненин элдин ичинде төрдө сөөлөт күтүп, небересин сыймыктануу менен карап турушуна эмне себеп болду? Балага бир жилик этти эмне үчүн беришти деп ойлойсуң? Эгер сен баланын ордунда болсоң кандай кылган болот элең? Окуучулар бул суроолорго биз күтүп жаткан натыйжанын негизинде жооп беришет. Себеби суроолор аларды ой жүгүртүүгө изденүүгө, пикирлөөгө үндөйт.

Чыңгыз Айтматов адабиятта «жан дүйнө экологиясы» деген түшүнүктү көтөргөн жазуучулардын бири катары белгилүү. Бул түшүнүк адамдын руханий дүйнөсүнүн тазалыгын сактоо, моралдык жоопкерчилик жана адамдык баалуулуктарды коргоо менен байланыштуу.

Жазуучу өз чыгармаларында адамдын руханий кризиске туш болушу, моралдык баалуулуктардын жоголушу жана алардын коомго тийгизген таасирин көркөм образдар аркылуу чагылдырат. Мындай идеялар окурмандарды ойлонууга, өзүнүн руханий дүйнөсүн баалоого жана адамдык сапаттарды сактоого чакырат. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы каармандар адамды адам бойдон калууга үндөп турат. Ак менен кара, күн менен түн, сүйүү менен жек көрүү, бала менен чал жазуучунун чыгармаларында эриш-аркак кездешет.

Көркөм адабият окуучулардын дүйнө таанымын кеңейтүүдө жана алардын руханий өнүгүүсүндө чоң роль ойнойт. Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары окуучуларды адамгерчиликке, боорукерликке, жоопкерчиликке жана адилеттүүлүккө тарбиялоодо баалуу педагогикалык ресурс болуп саналат. Ошондой эле чыгармаларды өтүүдө 4К моделин колдонууга өтө ыңгайлуу.

4К ыкмасы өз аталышынан эле көрүнүп тургандай, 4 негизги принципти камтыйт:

Кооперация (кызматташтык):

Окуу китептери окуучулардын командада иштөө жөндөмүн өнүктүрүүгө ылайык түзүлгөн. Бул окуучуларга биргелешип иштөө, пикир алмашуу жана бири-бирин колдоо көндүмдөрүн калыптандырууга жардам берет.

Коммуникация (баарлашуу):

Окуучулар өз ойлорун так жана түшүнүктүү билдирүүгө, маектешин угууга жана түшүнүүгө, маалыматты жеткирүүдө тил каражаттарын туура колдонууга үйрөнүшөт.

Креативдүү ой жүгүртүү:

Окуучулар максаттарына жетүү үчүн жаңы ыкмаларды колдонууга үйрөнүшөт, инновациялык чечимдерди табышат жана чыгармачыл маселелерди чечүү жөндөмүнө ээ болушат.

Критикалык (сынчыл) ой жүгүртүү:

Бул ыкма окуучулардын маалыматты сын көз менен баалоо, өз оюн жана тыянагын түзүү көндүмдөрүн өнүктүрөт. Окуучулар маселелерге талдоо жүргүзүү аркылуу мамиле кылууну жана логикалык ой жүгүртүүнүн негизинде өз көз карашын калыптандырууну үйрөнүшөт.

Жаңы инновациялык ыкманы Өзбекстандын мектептеринде киргизүүдөн мурда чет өлкөлөрдүн тажрыйбасы да изилденген. Сингапур, Кытай, Англия, Финляндия, Эстония сыяктуу билим берүүдө алдыңкы өлкөлөр окуучуларда 4К принциптерине негизделген XXI кылымдын көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурушат.

PISA, PIRLS сыяктуу эл аралык рейтингдерде жогорку орундарды ээлеген өлкөлөрдө да окуучулардын баарлашуу, изилдөө жана чыгармачылык жөндөмдөрүнө өзгөчө басым жасалат. Ошондуктан алар жогорку жыйынтыктарга жетишүүдө.

Жаңы моделдин жакшы иштеши үчүн кандай шарттар керек?

4К моделине негизделген бул инновациялык ыкманы мектептерде колдонуу үчүн өзгөчө шарттар талап кылынбайт. Мисалы, окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсү ар кандай суроо-тапшырмалар аркылуу, ал эми баарлашуу көндүмдөрү практикалык иштер жана көнүгүүлөр аркылуу өнүктүрүлөт. Ошондуктан мектептерде бул ыкманы колдонууга шарт жок деп айтууга негиз жок.

«4К» модели – сынчыл ой жүгүртүү, чыгармачылык, коммуникация жана кызматташуу – заманбап билим берүүнүн негизги өзөгүн түзөт. Бул модель мугалимдердин педагогикалык ишмердүүлүгүн өркүндөтүп гана тим болбостон, окуу процессинин сапатын жогорулатууга жана окуучулардын ар тараптуу өнүгүүсүнө шарт түзөт. Айрыкча окуу сабактарында колдонуу окууучулардын ой жүгүртүүсүн, өз алдынча иштөөсүн, логикалык суроолорго тез жооп табууга жөндөмдүүлүгүн арттырып барат.

Мугалимдерде «4К» модели боюнча көндүмдөрдү калыптандыруу окутуунун мазмунун жаңылоону, инновациялык ыкмаларды жана интерактивдүү технологияларды колдонууну талап кылат. Ошондуктан аталган методикалык сунуштама мугалимдердин кесиптик өсүшүнө көмөк көрсөтүү, практикалык ишмердүүлүктө «4К» моделин натыйжалуу колдонуу жолдорун аныктоо максатын көздөйт.

Билим берүү жараянында Айтматовдун чыгармаларын колдонуу окуучулардын: критикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө; моралдык баалуулуктарды түшүнүүсүнө; маданияттар аралык түшүнүшүүнү калыптандырууга; табиятка аяр мамиле кылууга тарбиялоого жардам берет. Мугалимдер бул чыгармаларды талдоо аркылуу окуучулар менен адеп-ахлак, адамгерчилик жана коомдук жоопкерчилик тууралуу терең талкууларды жүргүзө алышат. Мындай сабактар окуучулардын руханий дүйнөсүн байытып, алардын инсандык сапаттарын өнүктүрүүгө шарт түзөт.

Жыйынтык

Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары глобалдык гуманизм идеяларын терең чагылдырган баалуу көркөм мурас болуп саналат. Аларда адамдын руханий дүйнөсү, адеп-ахлактык баалуулуктар, табият менен адамдын гармониялуу байланышы жана маданияттар аралык түшүнүшүү маселелери кеңири сүрөттөлөт.

Айтматовдун чыгармаларынын тарбиялык потенциалы өтө жогору. Алар окуучуларды адамгерчиликке, боорукерликке, адилеттүүлүккө жана жоопкерчиликке тарбиялоодо маанилүү педагогикалык ресурс болуп эсептелет. Ошондуктан билим берүү процессинде жазуучунун чыгармаларын активдүү колдонуу жаш муундун руханий дүйнөсүн байытууга жана гуманисттик баалуулуктарды калыптандырууга чоң салым кошот.

Баса белгилеп кетүүчү нерсе жазуучунун ар бир чыгармасын окуучуларга жеткире билүүдө мугалимдин педагогикалык чеберчилиги, анын заманбап технологиялар менен камсыздалганы, методикалык жактан терең билимге ээ болушу, чыгармадагы окуучуларга бериле турган тарбияны, билимди, идеяны куруп сөз менен айтпастан, интерактивдүү методдордун негизинде, алардын эсинде өмүр бою ташга тамга баскандай сакталып, жашоосунда да колдонуу биле турган кылып жеткирүү керек.

Бул макаладан күтүлүп жаткан натыйжа окуучуларга сабак өтүүдө 4К моделинен пайдалануу менен алардын эркин пикирлөөсү, эске тутуусу, сабакка болгон кызыгуусу артат. Бала сабакта эч качан зерикпейт жана алган билимдерин сабакта эле эмес турмушта да колдоноо билишет.

Колдонулган адабияттар

1. Ч.Айтматов. 2-том («Гүлсарат», «Ак кеме», «Эрте жаздагы турналар», «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт»). – Бишкек. «Улуу тоолор». 2018. – 596 бет.
2. Ч.Айтматов. 4-том («Кыямат», «Балалыгым»). – Бишкек. «Улуу тоолор». 2018. – 518 бет.
3. Ч.Айтматов. “Эрте келген турналар”. – Бишкек. “Оку” басма үйү. 2021

4. Ч.Айтматов. “Ак кеме”. – Бишкек. “Кадам” басма үйү. 2023.
5. Азизхўжаева Н.Н. Педагогик технология ва педагогик маҳорат. - Т.: ТДПУ, 2003
6. Холиқов А. Педагогик маҳорат. Ўқув қўлланма. Т.: «IQTISODMOLIYA» нашриёти, 2010,-312
бет.
7. А. Муратов Мугалимдин устаттыгы жана окутуунун жаны технологиялары Таалим 2023.
8. Токтосунов А. Жаш муундарды тарбиялоодо көркөм адабияттын ролу. – Бишкек: Билим, 2018.
9. Ш. Шодмонов, М. Халимов, Н. Файзуллаева. Билим берүү ишинин методологиясы. Т.2008 ж.

УДК 94. (575.2) **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1%20(27).558**

АБИЙИРДИН АНТРОПОЛОГИЯСЫ: Ч. АЙТМАТОВДУН «БЕТМЕ-БЕТ» ПОВЕСТИНДЕГИ КОНЦЕПТУАЛДЫК МАҢЫЗ ЖАНА МОРАЛДЫК ДИЛЕММА

Токтогулова Гүлжамал Тыныбековна
философия илимдеринин кандидаты,
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун доценти
Манас шаары, ORCHID: 0000-0003-1642-3959,
телефону: 996777303615,
toktogulova.72@mail.ru,
Машаев Манас Аширбекович
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун окутуучусу
Манас шаары, ORCHID: 009-0000-0780-080X
телефону: 996775361580,
manasmashaev75@gmail.com
Усенов Адилет Алимжанович
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун окутуучусу
Манас шаары,
https://orcid.org/0009-0007-0160-4139
телефону: 996779282196
a.usenov9600@gmail.com

АНТРОПОЛОГИЯ СОВЕСТИ: КОНЦЕПТУАЛЬНАЯ СУТЬ И МОРАЛЬНАЯ ДИЛЕММА В ПОВЕСТИ Ч. АЙТМАТОВА «ЛИЦОМ К ЛИЦУ»

Токтогулова Гүлжамал Тыныбековна
кандидат философских наук
доцент ЖАГУ имени Б. Осмонова
г.Манас, ORCHID: 0000-0003-1642-3959,
телефон: 996777303615,
toktogulova.72@mail.ru
Машаев Манас Аширбекович